УДК: 281
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/2-36-44

**Байшериева Айнура**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
baisherievainura71@gmail.com
**Султанова Г.К.**
ага адис
Докторантура, Ph.D жана аспирантура бөлүмү
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# СУФИЗМ ЖАНА АДАБИЯТТЫН БАЙЛАНЫШЫ: ДИВАН ПОЭЗИЯСЫ, ЭЛДИК АДАБИЯТ ЖАНА СОПУЛУК АДАБИЯТТЫН ОРТОСУНДАГЫ БАЙЛАНЫШЫ

**Аннотация.** Бул макалада суфизм жана адабияттын ортосундагы байланышты изилдөөгө басым жасалды. Суфизимдин негизги идеяларынын адабий чыгармаларда чагылдырылышы, айрыкча диван поэзиясы, элдик адабият жана суфийлик адабияттын өзгөчөлүктөрү боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү. Суфизимдин таасири аркылуу адабиятта сүйүү, Жаратканга жакындашуу, акыйкаттык жана ички тазалык сыяктуу темалар каралды. Мында кыргыздын белгилүү акындарынын чыгармаларында да суфизимдин элементтери аныкталган. Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Туяк ырчы, Молдо Нияз сыяктуу акындардын поэзиясында суфийлик түшүнүктөр жана руханий темаларды анализдөө болду. Методология катары тарыхый типологиялык жана контекстик анализдер жана салыштырмалуу талдоо ыкмалары колдонулуп, суфизимдин адабиятка тийгизген таасири, анын руханий дүйнөгө болгон терең таасирин изилдөөгө аракет жасалды.

**Негизги сөздөр:** суфизм, адабият, месневи, хикматтар, заманчыл акындар, ырчы, тарых, Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Туяк ырчы, Молдо Нияз.

**Байшериева А.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Султанова Г.К.**
старший специалист
отдел Докторантуры, Ph.D и аспирантуры
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# СВЯЗЬ СУФИЗМА И ЛИТЕРАТУРЫ: СВЯЗЬ МЕЖДУ ПОЭЗИЕЙ ДИВАНА, НАРОДНОЙ ЛИТЕРАТУРОЙ И СУФИСТСКОЙ ЛИТЕРАТУРОЙ

**Аннотация.** В данной статье рассматривается изучение взаимосвязи суфизма и литературы. Основные идеи суфизма отражены в литературных произведениях, особенно в

диванной поэзии, народной литературе, а также в особенностях суфийской литературы. Под влиянием суфизма в литературе были исследованы такие темы, как любовь, приближение к Творцу, справедливость и внутренняя чистота. Элементы суфизма были выявлены и в произведениях известных кыргызских поэтов. Суфийские концепции и духовные темы были проанализированы в поэзии таких поэтов, как Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Туяк-певец и Молдо Нияз. Используя в качестве методологии историко-типологический и контекстуальный анализ, а также сравнительный анализ, была предпринята попытка изучить влияние суфизма на литературу и его глубокое воздействие на духовный мир.

**Ключевые слова:** суфизм, литература, месневи, мудрость, современные поэты, певец, история, Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, певец Нияз, Нияз Молдо.

**Baisherieva A.**
master's student
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Sultanova G.K.**
senior specialist
Department of Doctoral studies, Ph.D. and postgraduate studies
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

## THE CONNECTION OF SUFISM AND LITERATURE: THE CONNECTION BETWEEN DIVAN POETRY, FOLK LITERATURE AND SUFI LITERATURE

**Abstract.** This article examines the relationship between Sufism and literature. The main ideas of Sufism are reflected in literary works, especially in divan poetry, folk literature, and in the features of Sufi literature. Under the influence of Sufism, such topics as love, approach to the Creator, justice, and inner purity were explored in literature. Elements of Sufism were also found in the works of famous Kyrgyz poets. Sufi concepts and spiritual themes were analyzed in the poetry of poets such as Togolok Moldo, Moldo Kylych, Tuyak the singer and Moldo Niyaz. Using historical-typological and contextual analysis as a methodology, as well as comparative analysis, an attempt was made to study the influence of Sufism on literature and its profound impact on the spiritual world.

**Keywords:** sufism, literature, mesnevi, wisdom, modern poets, singer, history, Togolok Moldo, Kilic Moldo, singer Niyaz, Niyaz Moldo.

**Киришүү**

Суфизм-бул исламдын руханий агымы болуп эсептелет жана адамдын жүрөгүн тазалоо, ички дүйнөсүн ачууну жана Жаратканга жетүүнү максат кылган ыкма [16].

Суфизимдин негизги максаты-адамдын ички дүйнөсүндөгү ооруларды тазалап, аны руханий жактан өстүрүү болуп саналат. Суфизм ошондой эле адамдын адеп-ахлагын оңдоо, ички тынчтыгын табуу жана дүйнө менен байланышын туура жолго салуу, ички тазалыкка, сүйүүгө жана акыйкаттыкка жетүүнүн жолу. Бишр Хафи (227/841*): «Суфи-бул Алла үчүн өзүнүн жүрөгүн тазалагандар»* -деп аныктама берген. Абу Саид Харраз (277/890): «*Суфи-кимдин жүрөгүн Алла тазалап, нурга толтурса, ал Алланы эстөө менен ырахат ала алган адам*» -деп өз ойлорун билдирген [18].

XI кылымдын ортосуна карата суфизмдин идеялары мусулман дүйнөсүндө тездик менен таралып, Испанияга, Сицилияга жана Балкан өлкөлөрүнө чейин жеткен. Суфизмдин географиялык кеңири жайылышы жана исламды кабыл алган, бири-биринен маданияты жана каада-салты боюнча олуттуу айырмаланган ар түрдүү элдердин аны өзүнө сиңирип алышы суфизмге так аныктама берүү кыйынчылыгын жараткан.

Бул аныктамалардын ичинен эң белгилүүлөрүнүн бири төмөнкүдөй:

*«Суфизм-бул Исламдын алкагында пайда болгон өзгөчө мистикалык, диний-философиялык дүйнө тааным, анын өкүлдөрү адамдын жеке психологиялык тажрыйбасы аркылуу Жараткан менен түз руханий байланышта болууну мүмкүн деп эсептешет»* [5].

Адабият - бул адамдардын ойлорун, сезимдерин, идеяларын жана турмуштук тажырыйбаларын көркөм, эстетикалык формаларда жазуу жолу аркылуу билдирүүчү искусство. Ал жазуу, поэзия, проза, драматургия сыяктуу түрлөрдөн турат. Адабият адамдын руханий дүйнөсүн, моралдык жана этикалык баалуулуктарды, ошондой эле коомдук жана тарыхый шарттарды чагылдырат. Адабиятта адамдын ички дүйнөсү, коомдук жана руханий кырдаалдар көп учурда символдор, метафоралар жана сүрөттөмөлөр аркылуу сүрөттөлөт. Дүйнөлүк адабияттагы белгилүү, кыргыз жазуучусу Ч. Айтматов: *“Адабият-адамзаттын жүрөгүнүн үнү. Ал мезгилден мезгилге, муундан муунга өтүп, түбөлүктүү мурас катары сакталат”* -деген [3].

Ошондой эле кыргыз эл жазуучусу Т. Сыдыкбеков да: *“Адабият-бул элдин турмушу, тарыхы жана маданиятынын күзгүсү. Ал ар бир доордун үнүн, сезимин жана философиясын чагылдырат”* -деп баса белгилеп кеткен [17].

## 1. Суфизим адабияты: Текке жана Диван

Суфий маданиятындагы адабиятты экиге болуп кароого болот: Диван поэзиясы (адабияты) жана Текке адабияты. Диван поэзиясы-бул Орто Азиянын, Анадолунун жана Ирандын классикалык адабиятында чоң орунду ээлеген поэзия жанры. "Диван" деген сөз фарс тилинен" жыйнак" деп которулат. Диван поэзиясы адатта перс, араб, түрк тилдеринде жазылып, 13-19 кылымдардагы адабияттын гүлдөгөн доорун чагылдырган. Диван поэзиясында негизинен сүйүүү, адилеттүүлүк, руханий изденүү, Кудайга болгон сүйүү сыяктуу темалар камтылат. Мында поэзияда газел, касида, Месневи, рубаи сыяктуу ыр формалары колдонулган. Диван адабиятынын негизги өзгөчөлүгү-ыр формаларынын кеңири колдонулушу. Диван адабиятында суфизмдин (тасаввуф) терең таасири байкалат. Диван адабиятындагы белгилүү өкулдөрүнө Фазули, Наби, Шейх Галиб, Наили сыяктуу акындар кирет [2].

Текке адабияты-тарбиялык жана руханий максаты көздөйт, ал эми мазмуну жөнөкөй жана элге түшүнүктүү тил менен суфий (тасаввуф) окууларын түшүндүрүүгө басым жасайт. Элдик мүнөзгө ээ жана кенен катмарга багытталган. Максаты: Руханий тарбия жана адеп-ахлактык таалим берүү. Текке адабияты эркин формада жазылат, белгилүү өлчөмдөргө катуу баш ийбейт. Текке адабиятынын негизги өкүлдөрү: Юнус Эмре, Хожа Ахмед Яссави, Хажы Баязит Вали, Азиз Махмуд Худайи. Алардын чыгармалары кылымдар бою элдин руханий муктаждыктарын канааттандырып, адамдардын көнүлүн жайгарган жана ислам баалуулуктарын жашоого сиңирүүдө негизги курал болуп келген [7].

## 2. Сопулук адабият жана элдик адабияттын ортосундагы байланыш

### 2.1. Жалаладдин Руминин «Месневи» аттуу чыгармасы

Суфизм ислам дининин ички, руханий жагын камтыган агым катары, VII-VIII кылымдарда Араб халифатынын гүлдөп турган мезгилинде калыптанган. Алгачкы суфийлер дүйнөдөн баш тартып, руханий тазалыкты жана Аллага жакындашуу жолдорун изилдешкен. Мезгил өтүп, суфизм философиялык система катары өнүгүп, ар кайсы доорлордо акындар жана ойчулдар тарабынан колдоого алынып, кеңири тараган.

Суфий идеялары адабиятта сүйүү, руханий изденүү, табияттын кооздугу жана Жараткан менен байланыш сыяктуу темалар аркылуу чагылдырылган. Суфий акындар өз чыгармаларында ырайымдуулук, кечиримдүүлүк жана руханий тазалык сыяктуу темаларды көбүнчө терең символикалар жана метафоралар аркылуу жеткирүүгө аракет кылышкан. Мисалга алып карасак: Жалаладдин Руми сыяктуу суфизимдин көрүнүктүү өкүлдөрү, акындар сүйүү темасын терең философиялык мааниде сүрөттөшкөн. Анын *“Месневи”* чыгармасындагы идеяларга көңүл бурсак, ал сүйүүнү адамды тазалоочу күч катары мүнөздөгөн: “*Сүйүү-бул жүрөктү тазалоо жана Кудайга жакындоонун жалгыз жолу”* [11]

Мавлана Жалаладдин Руминин *“Месневи”* чыгармасы руханий философияны терең түшүндүргөн көп катмарлуу поэма. Анын ичинде сүйүүү, чындык, сабырдуулук жана руханий жол жөнүндө айтылган саптарын көрсөк болот; *“Сүйүүнү түшүнгөндөр гана бул дүйнөнүн сырын билет. Сүйүү - жан менен Кудайдын ортосундагы көпүрө”* [11]

Бул сапта Руми сүйүүнү инсанды Жаратканына жакындатуучу күч катары сүрөттөгөн.

Анын философиясында сүйүү чыныгы руханий сапардын башаты болуп эсептелет.

*“Өзүңдү билгиң келсе, өзүңдүн жан дүйнөңө үңүл. Кудайды издеп алыс кетпе, ал өзүңдүн ич ара дүйнөңдө жашайт* [11]*.”*

Бул саптарда өзүн-өзү изилдөө менен Кудайды табуу суфизмдин негизги идеяларынын бири катары көрсөтүлгөн.

*“Сабырдын мөмөсү ар дайым ширин болот. Кыйынчылыктарды көтөргөндөр гана чыныгы бакытты табышат”* [11].

Бул сап Руминин сабырдуулукту баалаганын жана кыйынчылыктар аркылуу руханий өсүү идеясын баса белгилегенин көрсөтөт.

*“Бул дүйнө - алдоонун пардасы. Парданы ачкың келсе, чындыктын жарыгын издегин”* [11].

Бул жерде Руми чындыкты пардага окшоштуруп, анын артында жашырылган руханий дүйнөнү изилдөөнү сунуштайт.

Демек Суфизм менен адабияттын өз ара байланышын жана суфизмдин адабиятта чагылуусун Мавлана Жалаладди Руминин «Месневи» аттуу чыгармасынын мисалында талдай турган болсок; Суфий адабиятында сүйүү темасы борбордук орунду ээлейт. Жалаладдин Руми сыяктуу акындар сүйүүнү руханий дүйнөнүн ачкычы, адамды Кудайга жеткирүүчү күч катары сүрөттөшкөн. Месневи чыгармасында сүйүү адамды тазалоочу жана Кудайга жакындатуучу күч катары көрсөтүлөт. Сүйүүнү инсан менен Жаратkандын ортосундагы көпүрө катары түшүндүрүү, адам жашоосунун трансценденттик (руханий) аспектин терең талдоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Ошондой эле Суфий акындар өздөрүнүн ой-пикирлерин символикалар жана метафоралар аркылуу берүүгө аракет кылышкан. Бул көркөм ыкма адабиятка өзгөчө терендик жана эстетикалык баалуулук кошкон. Мисалы, Руминин чыгармаларындагы парда жана чындык сыяктуу символдор руханий чындыкка умтулуу процесстерин сүрөттөгөн.

Айрыкча Суфизмдин негизги максаты-адамдын өзүн-өзү таанып, жан дүйнөсү аркылуу Кудайга жетүү. Бул идея адабиятта терең философиялык ой жүгүртүүнүн жана өзүн изилдөөнүн булагы болуп келген. Руминин: *"Кудайды издеп алыс кетпе, ал өзүңдүн ич ара*

*дүйнөңдө жашайт"* деген сөздөрү, өзүн-өзү изилдөө аркылуу чындыкты табуу идеясын баса белгилейт.

Натыйжада Суфизм адабиятка философиялык жана руханий мазмунду байытып киргизген. Адабият болсо, суфизмдин идеяларын жалпыга жеткирүүчү курал катары кызмат кылып, анын универсалдуу баалуулуктарын чагылдырган. Суфизм менен адабияттын бул өз ара байланыштуу өнүгүүсү сүйүү, чындык, өзүн-өзү таануу жана руханий өсүү сыяктуу темалар аркылуу окурмандарды ойго салып, жан дүйнөнү байытууга жол ачкан. Руханийликке жана адамдын ички дүйнөсүнө багытталган бул эки тармак бирин-бири толуктап, ислам маданиятынын гана эмес, жалпы дүйнөлүк маданияттын да ажырагыс бөлүгү болуп калган [2, 145 б].

Сопулук адабият жана элдик адабият-руханий жана маданий баалуулуктарды сактап, муундан муунга өткөрүүдө маанилүү орун алган адабий багыттар. Бул эки агым тең коомдун турмушун, моралдык нормаларын жана философиялык көз караштарын чагылдырган. Алардын окшоштугу-адамдарды ыйманга, руханий тазалыкка жана адептүүлүккө чакырганында.

Сопулук адабият көбүнчө диний-руханий мазмунду көркөм сөз аркылуу жеткирүүгө аракет кылса, элдик адабиятта да ушул сыяктуу этикалык жана руханий баалуулуктар терең чагылдырылган. Экөө тең поэзия, уламыш жана дастандар аркылуу окурмандын же угармандын жүрөгүнө жол таап, аны терең ойго жана өзүн-өзү таанууга түрткү берет.

Окшоштуктары: Сопулук адабият менен кыргыз элдик адабияты тең турмуштун терең маанисин издөөгө жана адамдарды адеп-ахлакка чакырууга арналган.

Айырмасы: Сопулук адабият көбүнчө Аллага жакындоого багытталса, элдик адабиятта коомдук жашоо, каада-салт жана баатырдык темалары басымдуулук кылат.

Кыргыз элдик адабиятында Диван поэзиясынын элементтерине жакын турган чыгармалар айрыкча классикалык салттагы акындардын чыгармаларында кездешет. Кыргыз акындарынын арасынан Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, жана Токтогул Сатылгановдун кээ бир чыгармалары ушул мүнөздөргө дал келет. Мисалдар менен карай турган болсок: Молдо Кылычтын «Ажыга сапар» аттуу чыгармасы кыргыз элдик поэзиясында сопулук теманы чагылдырган көрүнүктүү ырлардын бири болуп эсептелет.

### 2.2. Ахмад Ясавинин «Дивани хикмат-Хикматтар» аттуу чыгармасы

*“Өзүңдү бил, анан бирөөнү биле аласың. Эгер өзүңдү таанысаң, Алланын жолун табасың”* [4, 12 б.].

Бул хикматта Ясавий өзүн таануунун маанилүүлүгүн баса белгилейт. Ал үчүн ички дүйнөңдү билүү-руханий тазаланууга жетүү жолундагы биринчи кадам. Өзүн таануусуз, адам Алланы тааный албайт.

*“Жүрөктү тазала, анан акыйкатты көрөсүң, Адам жүрөгү таза болмоюнча, рухий нур алалбайт”* [4, 28 б.].

Ясавийдин бул хикматында жүрөктүн тазалыгы жөнүндө сөз болот. Ал үчүн жүрөк таза болмоюнча, адам өзүнүн руханий даражасын көтөрө албайт жана акыйкатка жетпейт. Жүрөктү тазалоо-Алланы таанып-билүү үчүн эң маанилүү кадам.

*“Алла ыразычылыгын изде, анан жаның тынч болот. Өзүңдү карапайым кылып, дүйнө сыныктарынан кач* [4, 45 б.]*.”*

Бул хикматта Ясавий дүйнө мамилелеринен алыстап, Алланын ыраазычылыгын издөө керектигин айтат. Ошондой эле, адам өзүнүн ички тынчтыгына жетүү үчүн, ар кандай дүйнөлүк кызыкчылыктардан баш тартуусу керек деген ойду айтат [4, 28-55 бб.].

Замана агымынын башаты катары да билинген суфий Ахмад Ясавийдин «Хикматына» жана Хаким Ата деген ат менен таанылган Сулайман Бакырганийдин «Акыр заманына» назар салсак бул чыгармалардын кыргыз заманчылары катары билинген Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Нурмолдо, Молдо Кылыч жана Алдаш Молдо Жээнике уулу сыяктуу элдик адабияттарды жаратуучуларына чоң таасири болгонун айтсак болот [1, 72 б].

Кыргыз заманчылдарынын баскан жолу, калтырган эмгектери жана калкты ыймандуулукка чакырган үгүт насааттары мына ошол Ясавийдин жана Бакырганийдин жолунан эч айырмаланбайт. Мисалы, Молдо Кылычтын:

Түркүстанда мазары,
«Хикмат» сөзү жайылып,
Бизге калды казалы, – деген ыр саптары алардын Ясавийдин жолун жолдоочулар экендиктерин анык көрсөтүп турат [1, 72 б.].

**2.3. Молдо Кылычтын «Ажыга сапар», «Зар заман» жана «Зилзала» аттуу чыгармалары**

*“Бул жалганда аманат, Адамзатка берилген. Өз жолуңду таппасаң, Күнөө кылып өтөсүң. Жаратканды эстесең, Ишенимде жашайсың”* [13, 67-69 бб.]

Бул саптарда акыйкат жолду табуу, бул дүйнөдөгү өмүрдү аманат катары кабыл алуу жана Алла Таалага болгон ишенимди бекемдөө тууралуу айтылат. Сопулук ой жүгүртүүнүн өзөгү-бул акыйкатты издеп, руханий кемелдикке жетүү.

*“Сапар тарттым ыйыкка, Каабага ниет кылып. Ар бир кадам аруулап, Өлбөс өмүр издепмин. Алла ыраазы болгондо, Эчтеке болбойт керегим”* [13, 68 б.].

Бул саптар ажылык сапарынын мааниси жана Аллага жакындоо аркылуу руханий тазалануу идеяларын камтыйт. Алла ыраазычылыгы ар кандай материалдык нерселерден жогору коюлган.

*“Адамзатка аманат, Касиеттүү өмүр жол. Жакшылык кыл, сага жол Түздөлүп калат келээр доор”* [13, 69 б.].

Молдо Кылычтын “Ажыга сапар” чыгармасы-бул ислам баалуулуктарын жана сопулук философияны чагылдырган маанилүү тексттердин бири. Анын ар бир саптары руханий тереңдикти, акыйкаттыкка болгон умтулууну жана Аллага жакындоону көрсөтүп турат.

Элдик адабияттардын ичинен эң атактууларын жазган Молдо Кылычтын «Зилазала» жана «Зар заман» сыяктуу чыгармалдарында да сопучулукка тиешелүү диний мотивдерди кездештирүүгө болот.

Мисалы заманыбыздын сопуларынын бири болгон Осман Нури Топбаш тасаввуфта "жолдоштук" дегенди билдирген "ихвандык" түшүнүгүн Аллага баруучу жолдо бири-бирине жардамдашууну, диний жана руханий маселелерде өз ара колдоо көрсөтүүнү, бир тууганынын кемчиликтерин толтурууну жана анын кайгысын бөлүшүүнү түшүндүрөрүн айткан. Чынында бир туугандардын, тууган-урук менен тыгыз карым-катышта болуусуна колдон келген жардамды берип, аларды коргоого динибиз абдан маани берет. Демек, бул оозуйпа мусулмандын мойнундагы дагы бир милдети болуп саналат. Анткени Алла Таала туугандарды бири-бирине мураскор кылып, бир нече акы-укук жана милдеттердин негизинде ортодогу байланышты дагы да чыңоону буйруган [15]. Мына ошондой адеп-ахлактык баалуулуктардын бири болгон туугандык мамиле боюнча Молдо Кылычтын айткандары мисал боло алат:

*«Сыйлашпаган бир тууган, Он да болсо, жекедей»* [12, 45 б.].

Суфизмдеги маанилүү темалардын бири бул Алланын ааламды жоктон жаратышы болуп саналат. Бул тууралуу Молдо Кылычтын «Зилзаза» чыгармасында мындай баяндалат:

Он сегиз миң бу аалам,

Орду мына жер, асман.

Сегиз бейиш жанатты,

Ракматынан жараткан» [14]

Молдо Кылычтын бул чыгармаларын Ахмад Ясавийдин руханий тазалануу тууралуу хикматтары менен салыштырууга болот. Чынында эки чыгарма тең руханий тазалануу жана Аллага жакындоону максат кылган чыгармалар.

**2.4.Калыгул Бай уулунун «Насыят, санат ырлары» жана «Акыр заман» аттуу чыгармалары**

Калыгул Бай уулунун эл арасында «Калыгул олуя» деген ат менен таанулуусу, анын Ясавилик менен байланышы бар болсо керек деген ойго жетелейт. Калыгулдун «Акыр заман» деген ырындагы:

Азиздер айтып кетиптир, Акыр заман болжолун...

Карыядан каада кетээр,

Катындан уят кетээр,

Уулдан урмат кетээр,

Кыздан кылык кетээр...

Акыр заман адамы

Аалым болот деп айткан,

Аяттын сөзүн бек тутпай,

Залым болот деп айткан... [13, 33-34 б.] деген саптарды хикматтар менен салыштырганда, хикматтардын таасири даана байкалат.

Ошондой эле Калыгул Бай уулунун сопучулуктун жана диндин эң маанилүү тарбиялык жана ахлактык өзгөчөлүктөрүнүн бири болгон сабырдуулук тууралуу төмөнкү ыр саптары да сопучулук жана элдик адабияттын өз ара таасирин даана көрсөтүп турат:

Жакшы кепке шашпагын,

Сабырлык менен барасын.

Акыры түбү ошондон,

Жакшылыкты табасың [10, 26 б.].

Сопучулуктун эң маанилүү жана өзгөчө көңүл бурган ахлактык мүнөздөрдүн бири бул жоомарттык. Жоомарттык дегенибизде бир гана материалдык байлыкты бөлүшүүнү эмес, руханий баалуулуктарды бөлүшүү менен дагы ишке ашаарын билишибиз керек. Жоомарттыктын жаркын үлгүсүн бизге пайгамбарыбыз (с.а.в.) көрсөтүп кеткен. Ал (с.а.в) кылган жоомарттыгы менен башка диндерди дагы таң калтырган [6, 294 б.].

**Корутунду**

Суфизм-Исламдын ички жана руханий тараптарын камтыган окуу болуп, VII-VIII к.ж.

араб халифатынын доорунда калыптана баштаган. Баштапкы учурларда суфийлер дүйнөлүк жашоодон алыстап, руханий тазалануучу жана Аллага жакындашуу жолдорун изилдешкен. Убакыт өтүшү менен суфий окутулары философиялык система катары өнүгүп, ар кандай доорлордо акындар жана ойчулдар тарабынан кабыл алынган.

Суфизмде көпчүлүк иштелген темалар арасында сүйүү, руханий изденүү, табияттын сулуулугу жана Алла менен байланыш орун алат. Мавлана Жалаледдин Руми сыяктуу суфийлер өз чыгармаларында сүйүүнү, адамды тазалаган жана Аллага жакындаштыруучу күч катары сүрөттөшкөн. Руминин "Месневи" аттуу чыгармасында сүйүү адамдын жүрөгүн тазалап, Аллага жакындашуу үчүн жалгыз жол катары көрсөтүлгөн. Руминин "Сайри-Сүлюк"

аттуу окутууларынын ичинде чыныгы билимдин, адамдын ички сапарында жана өзүн таануусунда жатканы баса белгиленген.

Суфизмдин адабият менен байланышкандыгы чоң. Айрыкча, Диван адабияты жана Текке адабияты сыяктуу түрлөрдө суфий ой-туюмдары терең иштелген. Диван адабиятында сүйүү, адилеттүүлүк жана руханий изденүүнү иштеген акындардын чыгармалары суфизмдин таасири менен жазылган. Текке адабияты болсо көбүнчө эл арасында түшүнүктүү түрдө, диний окутууларды жана этикалык сабактарды жеткирүүгө багытталган, суфий окутуларын жөнөкөй жана элдин түшүнө биле турган тилде баяндайт. Юнус Эмре жана Хоца Ахмед Ясеви сыяктуу чоң суфийлер ушул салтта чыгармалар калтырышкан.

Сопучулук адабияты менен элдик адабиятын өз ара байланышын эң кооз жана таасирлүү чыгармалары менен көрсөтүп берген көптөгөн кыргыз заманчы акындары да бар. Алардын айрымдары Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Нурмолдо, Молдо Кылыч жана Алдаш Молдо Жээнике уулу сыяктуулар болуп саналат.

Булар сопулук адабият менен элдик адабият бири-бирин толуктап, руханий баалуулуктарды элге жеткирүүдө чогуу кызмат кылышкан. Сопулук идеялар элдик адабияттын философиялык деңгээлин көтөрсө, элдик адабият сопулук түшүнүктөрдү элге жөнөкөй жана жеткиликтүү формада жеткирген.

Жыйынтык катары Суфизмдин кыргыз адабиятындагы ордун изилдөө жана элдик адабиятты кайра жандандыруу учурдагы эң маанилүү, актуалдуу жана терең изилдөөнү талап кылган темалардын бири десек болот.

**Адабияттар**

1. А. Калбердиев. «Кыргыздардын дүйнө танымында Аллах түшүнүгү», – Бишкек: Из-Басма басмаканасы, 2016. – 72 б.
2. Абдульвапов Нариман Ремзиевич, «Роль суфийской обители в формировании и развитии тюркоязычной религиозно-суфийской поэзии (на примере литературы османского региона)», *Вопросы крымскотатарской филологии, истории и культуры,* 145 «13/18»
3. Айтматов Чынгыз, *“Көркөм өнөр жана инсан”,* – Москва: Прогресс, 1973.
4. Ахмад Ясавий, *“Хикматтар”,* – Ташкент, 2008. – 1-55 бб.
5. В. А. Дроздов, «Мусульманский мистицизм, – С. Петербург, 2015.
6. Гөкче Ф. Хадистердин негизинде ислам. 3-том – Бишкек 2018. – 294 б.
7. Илшат Насипов, Нурфия Юсупова, Рушан Шабакаев, «Становление и развитие эпического стиля в тюркотатарской религиозно-суфийской поэзии», *Филология и культура. Philology and culture.* 2021. №4/66).
8. Исмаилзаде Нигяр Гудрат кызы, «Божественная любовь в турецкой литературе XIV века», *Балтийский гуманитарный журнал*, 2016, УДК 82:091.
9. Калыгул Бай уулу. «Акыр заман». // Мурас. Түзгөн: М. К. Абдылдаев. – Фрунзе: Кыргызстан басмасы, 1990. – 33-34 бб.
10. Калыгул Бай уулу. Насыят, санат ырлары. // Кыргыз Адабияты (Антология). Түзгөн: В.Мусаева. III т. – Бишкек: «Бийиктик плюс» басмаканасы, 2012. – 26 б.
11. Мавлана Жалаладдин Руми, «Маснави», 2023. –21-141 бб.
12. Молдо Кылыч Шамыркан уулу. «Зар заман». // Мурас. Түзгөн: М. К. Абдылдаев. – Фрунзе: Кыргызстан басмасы, 1990. – 45 б.
13. Молдо Кылыч, *“Ажыга сапар”,* – Бишкек, 2020. – 69 б.
14. Молдо Кылыч. Казалдар, изилдөөлөр, макалалар;

15. Осман Нури Топбаш. «Исламдын изги маданияты 4». – Бишкек: «Из-Басма» басмаканасы, 2009-ж. Которгон: А. Халбеков.
16. Р.Р. Шангараев, «История суфизма», – Казань ид «Меддок», 2020.
17. Сыдыкбеков Түгөлбай, *“Жазуучунун миссиясы”,* – Бишкек: Кыргызмамбас, 1986.
18. Хасан Камил Йылмаз, *Тасаввуф и Тарикаты*, перевод: Азат Урманов, – Москва 2007.

**Рецензент: PhD доктор Жалилов Э.К.**